DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2020

Кемелдинова Ж.М., Джумабекова Ж.Б.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК САЯСАТЫ

Кемелдинова Ж.М., Джумабекова Ж.Б.

ГОСУДАРСТВЕННАЯ СОЦИАЛЬНАЯ ПОЛИТИКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

J.M. Kemeldinova, J.B. Djumabekova

STATE SOCIAL POLICY KYRGYZ REPUBLIC

УДК: 336.1:352(575.2) (043.3)

Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсү үчүн зарыл шарт болуп социалдык конфликттерди жана чыңалууну алдын алуу максатында коомдун рынок шартындагы терс социалдык кесепеттерди (жумушсуздук, айласыздан мигрант болуу, тапкан кирешенин эч нерсеге жетпей жатышы ж.б.) жумуш шартта ала турган социалдык туруктуулугу эсептелет. Социалдык саясаттын негизги максаты – жакырчылыкты кыскартуу, социалдык маселелерди өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү жок, мамлекеттин колдоосуна муктаж, аз камсыз чарбаларды социалдык жактан колдоону күчөтүү, тийиштүү сапаттагы базалык социалдык мүмкүнчүлүктөр менен камсыздоо болуп саналат. Экономикалык факторлор өлкөнүн жана анын жарандарынын материалдык жетишкендигин мүнөздөйт, социалдык факторлор - (социалдык-психологиялык, моралдык-этикалык, жашоодогу диний компоненттер) бул мамлекет, коом жана ар бир жарандын ортосундагы байланыш болуп эсептелет. Аталган факторлордун тобу тийиштүү мыйзам жана стандартка ылайык жашайт. Ошондуктан андагы пайда болгон маселелерди жоюунун жолдорун издөө ар дайым талап кылынып турат.

Негизги сөздөр: *экономикалык өнүгүү, рынок экономикасы, социалдык саясат, мамлекет, туруктуулук, социалдык-экономикалык көйгөйлөр, социалдык кесепеттер.*

Необходимым условием для экономического развития государства, выступает социальная стабильность общества, которое может сглаживать те негативные социальные последствия, которые присущи рынку (безработица, вынужденная миграция, обесценение реальных доходов и др.), в целях предотвращения социальных конфликтов и напряженности в обществе. Основная цель социальной политики - значительное сокращение масштабов бедности; повышение защиты социально уязвимых домохозяйств, которые не имеют возможностей для самостоятельного решения социальных проблем и нуждаются в государственной поддержке, обеспечение всеобщей доступности и общественно приемлемого качества базовых социальных благ. Экономические факторы характеризуют уровень материального благосостояния страны и ее отдельных граждан, социальные факторы (социально-психологические, морально-этические, религиозные компоненты жизнедеятельности) – это взаимосвязь и гармонизация между государством, обществом и индивидом. Данные группы факторов существуют по определенным и установленным законам и стандартам, поэтому требуется постоянный поиск решений для искоренения проблем, вытекающих из них

Ключевые слова: *экономическое развитие, рыночная экономика, социальная политика, государство, стабильность, социально-экономические проблемы, социальные последствия.*

A necessary condition for the economic development of the state is the social stability of society, which can smooth out the negative social consequences that are inherent in the market (unemployment, forced migration, depreciation of real incomes, etc.), in order to prevent social conflicts and tensions in society. The main goal of social policy is to significantly reduce poverty; increase the protection of socially vulnerable households that do not have the capacity to solve social problems independently and need state support; and ensure universal accessibility and socially acceptable quality of basic social goods. Economic factors characterize the level of material well-being of the country and its individual citizens; social factors (socio-psychological, moral and ethical, religious components of life) are the relationship and harmonization between the state, society and the individual. These groups of factors exist according to certain and established laws and standards, so it is necessary to constantly search for solutions to eliminate the problems arising from them.

Key words*: economic development, market economy, social policy, state, stability, socio-economic problems, social consequences.*

Өлкөнүн социалдык саясаты азыркы рынок экономикасынын шартында зарыл атрибут болуп эсептелет. Мамлекеттин экономикалык өнүгүүсү үчүн негизги шарт – социалдык конфликттерди жана чың алууну алдын алуу максатында коомдун рынок шартындагы терс социалдык кесепеттерди (жумушсуздук, айласыздан мигрант болуу, тапкан кирешенин эч нерсеге жетпей жатышы ж.б.) жумшарта ала турган социалдык туруктуулугу.

Мамлекеттик социалдык саясат мамлекеттик структуралардын, коомдук уюмдардын, жергиликтүү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

өз алдынча башкаруу органдарынын, өндүрүш ишканаларынын жана башка жамааттардын ишмердүүлүгүнөн калыптанат жана ишке ашырылат. Бул саясат элдин жашоо деңгээлин жогорулатууга, социалдык жана материалдык шартын жакшыртууга байланыштуу максаттарга жана жыйынтыктарга жетишүүгө, социалдык чыңалуу очокторунун пайда болуу ыктымалдыгын алдын алууга багытталат.

Негативдүү тенденциялар соңку жылдары байкалууда – бул балдардын төрөлүү көрсөткүчүнүн төмөндөшү жана калктын жашоо узактыгынын кыскарышы, элдин жашоо деңгээлинин жакшырбай жатышы ж.б. Жеке менчиктин түрдүү формалары көбөйгөн сайын бул жагдай жарандарды социалдык жактан коргоо боюнча мурдагы түшүнүктөрдү да кыйла өзгөрттү. Ошого байланыштуу элдин Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана башка мыйзамдык актылары жөнгө салуучу социалдык кепилдиктерин ишке ашыруу механизмдерин өзгөртүү маселеси да орчундуу болуп турат.

Социалдык саясаттын негизги максаты – жакырчылыктын масштабын кыйла кыскартуу; калктын социалдык көйгөйлөрүн өз алдынча чече албаган жана мамлекеттин колдоосуна муктаж катмарларын колдоо чараларын жакшыртуу; негизги социалдык тейлөө шарттарынын сапатын жакшыртып, бардык муктаждарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

Азыркы тапта дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдүн социалдык саясат концепциясы төмөнкүдөй үч идеологиялык багыттын таасири менен калыптанат:

- майда товардык өндүрүштүн рыноктук экономикалык идеологиясы, башкача айтканда, салттуу орто класс идеологиясы;
- эркин атаандаштык капитализм рыногунун идеологиясы;
- социалдык мамлекет идеологиясы.

Жогорудагы идеологиялардын ар бирине таандык артыкчылыктар жана кемчиликтер бар.

Социалдык мамлекеттеги идеологиянын жана социалдык саясаттын кризиси эркин атаандаштык капитализм идеологиясын жана анын эркин атаандаштык рыногунун өз алдынча уюшуунун күчтүүлүгүн даңазалаган утопиялык “адамсмиттик” концепциясын жандандырды. Бирок өндүрүш жактан өнүккөн өлкөлөрдүн коомдук пикирине караганда, социалдык мамлекет идеологиясын жоюу тууралуу кеп да болушу мүмкүн эмес.

Рынок экономикасынын шартында жүргүзүлүүчү реформаар алкагында мамлекет элге кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдуу тизмесин жана көлөмүн гана кепилдей алат. Ал эми кепилденген минимумдан артык материалдык жана материалдык эмес кызмат көрсөтүүлөрдү жарандар өзүлөрүнүн материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша акы төлөп ала алышат. Социалдык кепилдиктин минимумун так аныктап алуу зарыл, ал мамлекеттин каржылык ресурстарынан аныкталат. Мындан тышкары жарандарды социалдык жактан коргоо боюнча жаңы механизмдерди иштеп чыгуу жана түзүү зарыл.

Экономикалык жана социалдык процесстерди регионалдаштаруу жараянын бул процесстерди жөнгө салуу мамлекеттик бийликтин борбордук деңгээлинен жергиликтүүсүнө өтүүчү өлкөлөрдүн көбүнөн байкоого болот. Колдонуу багыты шаардын каржылык мүмкүнчүлүгүнүн көбөйүүсүнө жараша кеңейип турат.

Мамлекет социалдык саясатын шаардын каржылык мүмкүнчүлүгү аркылуу активдүү жүргүзөт. Саламаттык сактоого, билим берүүгө, элди коммуналдык жактан тейлөөгө ж.б. каражатты жергиликтүү бийлик органдарына өткөрүп берүүнүн негизинде ишке ашырылат.

Шаарды каржылоо тарыхый, географиялык, аскердик жана башка шарттардын натыйжасында өлкөнүн башка райондорунан экономикалык жана социалдык жактан артта калган аймактардын экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээлин теңдештирүү аркылуу жүргүзүлөт.

Рынок экономикасы өнүккөн сайын чарбалар социалдык-экономикалык көйгөйлөргө туш болуп, курчугандыктан, алардын баарын автоматтык түрдө чечүү мүмкүн эмес. Тармактардагы кризис, жумушсуздук, акча жүгүртүүдөгү олку-солкулук, дүйнөлүк рыноктордогу атаандаштыктын курчушу мамлекет тараптан каржылык кийлигишүүнү талап кылат. Социалдык-экономикалык туруктуулукту мамлекеттик жөнгө салуу жана анын татаал байланыштары, башка тармактар менен тыгыз катышы кармап тура алат.

Социалдык-экономикалык функциялар жалпы өлкөдөгү каржы системасы кайсы көрсөткүч менен мүнөздөлсө, ошолор менен эле аныкталат. Ал эми алардын ролу башкаруу багытынын кайсы бир түрү – мамлекеттик структуранын аймактык же жергиликтүү деңгээлиндеги өзгөчөлүктөрү менен гана айырмаланат. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттары менен алардын субъекттеринин ыйгарым укуктарын жана жоопкерчилигин бөлүштүрүүнүн нормативдик системасы эске алынат.

Аймактык социалдык-экономикалык саясатты ишке ашыруу шаарлардын каражаттарын аймактын өнүгүүсүнө, жумуш орундарын көбөйтүүгө, аймактык чарбалык комплекстин узак мөөнөт иштөөсүнө күнүмдүк жана узак мөөнөттүү көз карашта артыкчы-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

лыктуу деп эсептелген аймактарга инвестиция тартууга өбөлгө болушу керек. Шаарлардын социалдык функциялары менен каржылык ресурстары калктын жаш курагы же башка себептерден улам материалдык артыкчылык процессине катыша албаган, бирок кепилденген материалдык кирешеси боло турган топторун жашоого керектүү ресурстар менен камсыз кылуусу зарыл. Бүгүнкү күндө шаарлардын каржылык системасында социалдык функциялардын күчөтүлүшү даана байкалып жатат. Соңку жылдары шаарлардын каржылык системасына социалдык мүнөздөгү чыгымдардын негизги оорчулугу туш келүүдө. Каржы ресурстарысыз шаарлардын жана аймактардын өнүгүүсү тууралуу кеп да болушу мүмкүн эмес. Ар бир муниципалдык бирдиктин өзүнүн экономикалык базасы болушу керек. Бул шаардык муниципалдык мекемелер үчүн өтө актуалдуу, себеби алардын жалпы саны өсүүдө, калкынын саны да көбөйүүдө. Уюштуруу жана укуктук макамына карабастан шаарлар турак жай курууга, коммуналдык чарбалардын, транспорттун, социалдык-маданий тармактын ишин каржылоого зарыл акча ресурстарына ээ болуусу керек.

Аймактын социалдык жана экономикалык проблемалары алардын каржы табуу жана сырттан тартып келүү мүмкүнчүлүгү жана жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Аймактын рынок экономикасынын шартындагы каржылык потенциалын аныктоо жана баалоо экономиканы башкаруунун тийиштүү механизмдерин иштеп чыгууда маанилүү орунду ээлейт.

Аймактардын экономикасын улуттук, аймактык жана муниципалдык деңгээлде башкаруу – бул чарба жана башкаруу субъектилеринин ортосундагы аймактын каржылык потенциалын калыптандыруу, кайра бөлүштүрүү жана пайдалануу процессинде ишке ашуучу ич ара экономикалык карым-катнаш.

Социалдык мамлекет теориясына ылайык, мамлекеттин программалык максаты болуп элдин татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылуу талабы эсептелет. Мамлекет адамдын өнүгүүсүнө зарыл шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү. Мамлекеттик жөнгө салуу механизми бүтүндөй калктын бакыбат жашоосун камсыз кылууга багытталышы керек. Мында мамлекеттик башкаруу органдарынын милдети – рынокту өз алдынча жөнгө салуу менен мамлекеттик кийлигишүүнүн тең салмактуулугун аныктап берүү, чарбалык эркиндикти жана мамлекеттик социалдык кепилдиктерди өлчөнгөн деңгээлде берүү. Ушуга байланыштуу рыноктук чарба жүргүзүүгө экономикалык, айрыкча социалдык процесстерди жөнгө салуунун мамлекеттик формаларын киргизүү маселеси өзгөчө маанаге ээ болот. Социалдык процесстерди жөнгө салуу жана социалдык чыгымдарды азайтууга багытталган социалдык саясатты ишке ашыруу мамлекеттин негизги функцияларынын бири болуп калууда.

Социалдык саясаттын негизги багыттары төмөнкүдөй келечектүү максаттарга негизделиши керек:

- элдин жашоо деңгээлин жана сапатын, анын ичинде билим берүү тармагында, саламаттык сактоодо, жарандардын экономикалык укуктары менен эркиндиктерин, айлана-чөйрөнүн тазалыгын камсыз кылууда, балдарды тарбиялоодо, адамдарга жана мүлкүнө каршы кылмыштардан коргоодо экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдүн улуттук идеалдарына жана стандарттарына шайкеш келүүчү деңгээлге жеткирүү;
- экономикалык өнүгүүнүн, илимий-техникалык прогресстин туруктуу жана жогорку темптерин, жергиликтүү товар өндүрүүчүлөрдүн товарларынын ички жана чет жактагы базардагы атаандаштыкка туруктуу болушун камсыз кылуу, экономиканын дүйнөлүк чарбалык байланыштарга натыйжалуу интеграциясы;
- суверенитетти, аймактык бүтүндүктү, улуттук коопсуздукту жана коргонуу дареметин бекемдөө үчүн ыңгайлуу экономикалык шарттарды түзүү, жарандардын жана уюмдардын мыйзамдуу укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо;
- адамдык потенциалды өстүрүү, социалдык мамилелердин шайкештигин камсыздоо (башкача айтканда, социалдык топтор системасын жана алардын ич ара туруктуу байланыштарын түзүүгө зарыл болгон шарттарды камсыз кылуу; конфликт жана күрөш эмес, бирин бири толуктоо жана кызматташтык мамилелери, элдин жогорку деңгээлдеги социалдык мобилдүүлүгү, ар бир инсандын социалдык жактан мүмкүн болгон деңгээлде өзүн көрсөтө алуусуна жардам берүү өкүм сүргөн системаны түзүү), социалдык бөлүнүүнү азайтуу жана коомдук ажырымды, ашкере социалдык бөлүштүрүүнү алдын алуу, социалдык топтор ортосундагы кызыкчылыктардын карама-каршы келүүсүнүн такыр ымалага келбей турган формасына жол бербөө.

Адабияттар:

1. Тюлюндиева Н.М. Мамлекеттик бюджеттин башкаруу концепциясы. Монография. - Б., 2011.
2. Сарыбаев А. Кыргыз Республикасынын экономикасындагы мамлекеттик каржы. - Б.: ИД «Илим жана билим», 2002. - 228-б.
3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик ачыктыгын жана отчеттуулугун жогорулатуу. Жергиликтү өз алдынча башкаруу органдары үчүн нускама. - Б., 2010. - 138-б.
4. Кулматов К. Мага Бишкектин бюджетинин ачыктыгы керек.
5. Койчуев Т.К. Акча дүйнөсүндө. - Бишкек, 1993. - 70-б.